**Сапарбек Мырзакматов атындагы орто мектебинин «Тил жана социалдык чеберчилик» усулдук бирикмесинин маалымдамасы**

2021-2022-окуу жылы кырдаалга байланыштуу аралыктан окутуу(онлайн) жана кадимки режимде (офлайн) болгондуктан мерчемделген иш-чаралар, ачык сабактар өтүлүп, папкаларга тиркелди.

Усулдук Бирикменин курамында 6 мугалим эмгектенет. 6 мугалим тең жогорку билимдүү. 1 мугалим Магистр Академиялык даражасына ээ.

2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн иш мерчем менен таанышылып бекитилди. Предметтик мугалимдер олимпиадалык топ менен иштөө, начар окуган окуучу менен иштөө, жөндөмдүү окуучулар менен иштөө боюнча иш пландарын түзүп, бекиттиришти. Улуттук тестирлөөгө жана Жалпы Республикалык Тестирлөөгө 8-9-11-класстын окуучулары өз каалоолору менен катышарын жана аларды даярдоо предметтик мугалимдерге милдеттендирилди.

Тил жана социалдык чеберчилик бирикмесинин мүчөлөрүнүн саат жүктөмү маалыматтык таблицада берилди.

# Усулдук бирикменини иш планы

## I бөлүм: Уюштуруу иштери

1. Усулдук бирикме мугалимдери жөнүндө маалыматты толуктап туруу жана мектеп жетекчилигине берүү;
2. Усулдук бирикменин окуу жылына түзүлгөн окуу планын талкулоо, түзүү, кабыл алуу, бекитүү;
3. Усулдук бирикменин мугалимдерине болжолдуу жана так окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү;
4. Усулдук бирикменин мугалимдеринин календарлык тематикалык планын:

   А) талкулоо;

   Б) бекитүүгө сунуш берүү;

   В) аткарылышын көзөмөлдөө;
5. Усулдук бирикменин мугалимдерин иш оруңдары менен камсыз кылуу;
6. Мектеп компонентиндеги сааттарды бөлүштүрүү;
7. Кана башчылары, ийрим, олимпиада жетекчилери үчүн мектеп жетекчилигине сунуш берүү;
8. Усулдук бирикмеге тиешелуу предметтер боюнча өткөрүлүүчү мектептин ички саатарынын жоболорун иштеп чыгуу, уюштуруп өткөрүү;
9. Усулдук бирикмеге тиешелүү предметтер боюнча өткөрүлүүчү олимпиадалардын материалдарын иштеп чыгуу, уюштуруп өткөрүү;
10. Дем берүүчү фонд жана сыйлоолор боюнча сунуштарды берүү;
11. Мектептик жыйындарга катышуу;
12. Усулдук бирикме аткарган иштери боюнча отчетторду даярдоо, ОББга тапшыруу

# IV бөлүм: Усулдук иштер

1. Насаатчылык иштерин уюштуруу;

А) жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитүү боюнча мектеп директордун буйругуна сунуштарды берүү;

Б) Насаатчы жана жаш мугалимдердин аткарган иш пландарын талкулоо, бекитүү жана аткарган иштерин көзөмөлдөө;

2. Насаатчы жана жаш мугалимдердин аткарган иштеринин отчетторун алуу;
3. Өз ара сабактарга, ачык сабактарга катышууларды уюштуруу жана көзөмөлдөө;
4. Усулдук даярдыктарды жогорулатуу учун семинар-тренингдерди өткөрүү, материаларды иштеп чыгуу;
5. Биргелешип пландаштырууларды уюштуруу - параллель класстар;
6. Усулдук окууларды графиктерин жана окулуучу докладдардын аныктоо, өткөрүү;
7. Мугалимдердин көргөзмөлөрүн, педбюллетень уюштуруу;
8. Мугалимдер үчүн курска чейинки жана курстан кийинки тапшырмаларды берүү жана аткарылышын көзөмөлдөө (курска баруучуга тапшырма берүү, реферат жазуу);
9. А.П.Т боюнча иштерди жүргүзүү;
10. Усулдук бирикме мүчөлөрүнүн чыгармачыл отчетторун алуу (ар бир мугалим жыл ичинде чыгармачыл иштерин даярдоо жана мектеп жетекчилигине өткөрүп берүү);
11. Усулдук бирикме окуу жыл ичинде аткарган иштерин, маалыматты даярдоо жана мектеп жетекчилигине өткөрүп берүү.

## II бөлүм: Усулдук бирикме мүчөлөрүнүн укуктук сабаттуулугун жогорулатуу

1. Билим берүү тармагындагы укуктук ченемдик актарга ылайык укук, милдеттерин жана жоопкерчилигин талкулоо.
2. Усулдук бирикме предметтер боюнча мамлекеттик стандарттын талаптарын талкулоо (Мисалы: жат жазуудагы норма ж.б)
3. Мектеп мугалимдери жана администрация менен бирге эмгек келишимдерин талкулоо.
4. Мектептин локалдык (ички) укуктук актылары менен таанышууну уюштуруу.
5. Усулдук бирикме мүчөлөрүнүн укуктук сабаттуулугун жогорулатуу үчүн усулдук адабияттар менен камсыз кылуу.

## III бөлүм: Предметтердин окутулушун көзөмөлдөө

1. Окуу программаларынын жана окуу китептерин талкулоо.
2. Окуу программаларынын аткарылышын көзөмөлдөө
3. Ачык сабактардын предметтердин жана класстан тышкаркы иштердин графигин түзүү, ага ылайык өткөрүү.
4. Предметтик жумалык, декадаларды өткөрүү үчүн иш чараларды иштеп чыгуу.
5. Окуучулардын жетишкендиктери боюнча чейректик мониторингдерди иштеп чыгуу жана ОББга тапшыруу.
6. Административдик текшерүү иштери үчүн материалдарды иштеп чыгуу жана жетекчиликке өткөрүп берүү.
7. Бөлүм боюнча мугалимдердин аткарган иштерин, отчеттерун алуу

**Маалымат**

**Тил жана социалдык чеберчилик усулдук бирикмесинин жетекчиси: Айталиева М. Ж**

| № | *Мугалимдин аты жөнү* | *Аяктаган окуу жайы* | *Берген предмети* | *Пед.стаж* | *Сыйлыктары* | *Билимин өркүндөтүү курсунан качан өткөн* | *Берген класстары* | *Жетектеген ийрими* | *Жүктөмү* | *Эскертүү* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Собурова Ж.А | И.Арабаев ат. КМУорус тил жана адабият факультети | Орус тил жана адабият | 14 | Грамота РОО, "Байтур" корпарациясынын грамотасы,1-орун үчүн райондук грамота, Ыраазычылык кат ЖК ББМнин грамотасы | 2017 | 2,3,5,7,8,9, | Юный языковед | 18 | |
| 2 | Оскомбаева Ж.М | И.Арабаев ат. КМУ англис тил | Англис тил | 12 | Грамота РОО | 2022 | 3,4,5,6,7,8,9, 11 | Англис тил | 24 | |
| 3 | Бейшенбаева К.Ш | Ж.Баласагын ат.КУУ Тарых | Тарых, адам жана коом | 11 | Грамота РОО | 2017 | 5,8,9,11 | Тарых | 17 | |
| 4 | Ботобаева А | И.Арабаев ат. КМУ,Орус тил жана адабият | Орус тил жана адабият | 7 | Айыл өкмөт грамота, ыраазычылык кат ЖК | | 1,2,6,11 | | 14 | |
| 5 | Айталиева М.Ж | И.Арабаев ат. КМУ кыргыз тил жана адабият | Кыргыз тил жана адабият | 6 | Айыл өкмөт грамота, ыраазычылык кат ЖК Грамота РОО | | 5,7,8,11 | | 19 | |
| 6 | Каныбек кызы Ы | И.Арабаев ат. КМУ кыргыз тил жана адабият | Кыргыз тил жана адабият | 3 | | | 5,6,9 | Жаш калем | 17 | |

## Тил жана социалдык чеберчилик бирикмесинин мугалимдеринин өзүнүн билимин өркүндөтүү боюнча иштеген темалары

| № | Мугалимдин аты жөнү | Өркүндөтүү боюнча иштеген темасы |
|---|---|---|
| 1 | Собурова Жумагуль Абдрахмановна | Обучать играя, совершенствовать навыки грамотной речи учащихся |
| 2 | Оскомбаева Жаркын Мансуровна | Окуучуларпдын эркин ой жүгүртүүсүн калыптандыруу |
| 3 | Бейшенбаева Койсун Шералиевна | Заманбап технологияларды колдонуп, инновациялык методдор менен сабак өтүү |
| 4 | Ботобаева Асель Мурзакаримовна | Повышение качества знаний учащихся |
| 5 | Айталиева Мээрим Жетимишовна | Окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү |
| 6 | Каныбек кызы Ырысгүл | Окуучулардын лингвистикалык ой чабылтуусун өстүрүү |

Бекитемин

Мүдүр ____________ Бектурганова Ж.Д

_____ декабрь 2021 -ж

## Декабрь

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Манас күнү<br>Улуттук адабият күнү | 2-жума | ОББ<br>Предметтик мугалимдер |
| 2 | Райондук олимпиаданын жыйынтыгын кароо | 2-жума | ОББ<br>Предметтик мугалимдер |
| 3 | 2-чейректин жыйынтыгын кароо | 3-жума | ОББ<br>УБ жетекчи<br>Предметтик мугалимдер |

Бекитемин

Мүдүр ____________ Бектурганова Ж.Д

____________ноябрь 2021 -ж

## Ноябрь

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-чейректин жыйынтыгын кароо | 2-жума | ОББ Предметтик мугалимдер |
| 2 | Мектеп ичинде өтүүчү олимпиаданын материалдарын бекитүү | 2-жума | ОББ Предметтик мугалимдер |
| 3 | Мектеп ичинде өткөн олимпиаданын жыйынтыгын кароо | 3-жума | УБ |

Бекитемин

Мүдүр ____________ Бектурганова Ж.Д

__________октябрь 2021-ж

## Октябрь

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | "Хунн империясынын түзүлүшү"<br>Тарых ачык сабак | 14.10.2021 | Бейшенбаева К |
| 2 | Тарых-география жумалыгы | 18.10.2021 | Мүдүр<br>ООБ |
| 3 | Мамлекеттик тил күнүнүн бир айлыгы | 3-жума | ОББ<br>Насыпбек уулу Ш |

Бекитемин

Мүдүр ____________ Бектурганова Ж.Д

__25__ сентябрь 2021-ж

**Сентябрь**

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Бирикменин мүчөлөрүнүн календарлык жана ийримдик мерчемдерин талкуулоо жана бекитүү | 15.09-20.09.2021 | Мүдүр<br>ОББ<br>УББ<br>УБмүчөлөрү |
| 2 | Ачык сабактардын иш түзүмүн бекитүү | 15.09.-20.09.2021 | Мүдүр<br>ООБ |

## Сапарбек Мырзакматов атындагы орто мектебинин “Тил жана социалдык чеберчилик” усулдук бирикмесинин отуруму

### Токтом № 1

**Мөөнөтү:** 17.09.2021

**Катышкандар**: 6

**Күн тартибинде**:

1. Бирикменин мүчөлөрүнүн календарлык жана ийримдик мерчемдерин талкуулоо жана бекитүү
2. Ачык сабактардын иш түзүмүн бекитүү

**Угулду:**

1-маселе боюнча Усулдук Бирикменин жетекчиси Айталиева Мээрим предметтик мугалимдерди календарлык пландарын мамлекеттик программанын негизинде туура, так түзүүнү айтты. Жазуу иштеринин нормаларына көңүл буруу керектиги айтылды. Ошону менен бирге календарлык пландар 20.09.2021 чейин түзүлүп, усулдук бирикменин жетекчисине көрсөтүлүп, белгиленген мөөнөттөн кеч калбай бекитүүлөрүн эскертти.

Усулдук жетекчи предметтик ийримдердин жетекчилерине “Жаш тарыхчы” ийримдин жетекчиси Бейшенбаевага, “Юный языковед” ийриминин жетекчиси Ботобаевага, “Жаш калем” ийриминин жетекчиси Каныбек кызына, “English time” ийриминин жетекчиси Осконбаевага ийримдин мерчемдерин окуучулардын деңгээлдерине ылайыктап түзүп 24.09.2021 чейин бекитүүлөрүн айтты.

**Сунуш:**

- Орус тил мугалими Собурова Жумагүл календарлык пландарды түзүүдө жазуу иштеринин нормасына көңүл буруу керектигин айтты.
- Бейшенбаева ийримдердин планын түзүүдө турмуш менен айкалыштырып түзүү керектигин эске алуу керектигин белгиледи.

2- маселе боюнча Усулдук Бирикменин жетекчиси предметтик мугалимдерге мектептин иш түзүмүндө бекитилген предметтик жумалыктарга, ички көзөмөлдө ачык сабактардын убактысын белгилеп айтуусун айтты.

Сунуш:

Усулдук бирикменин мүчөсү Каныбек кызы Ырыс бирикмедеги тажрыйбалуу жана чыгармачыл мугалимдер ачык сабактарды көбүрөөк өтүп беришсе, башка мугалимдер сабактарына катышып өз билимдерин өркүндөтүшмөк эле деген пикирин билдирди.

**Жогорудагы ой-пикирлер, сунуштар талкууланып, секция бирикмеси төмөндөгүдөй токтом кылат:**

1. Календарлык пландар 20.09.2021 чейин бекитилсин

1.2 Предметтик ийримдердин иш пландары 24.09.2021 чейин бекитилсин

2. Ачык сабактардын иш түзүмү 24.09.2021 чейин бекитилсин

**Сапарбек Мырзакматов атындагы орто мектебинин "Тил жана социалдык чеберчилик" усулдук бирикмесинин отуруму**

**Токтом № 2**

**Мөөнөтү:** 26.10.2021

**Катышкандар**: 6

**Күн тартибинде**:

1. Декадада өтүлгөн ачык сабакка анализ берүү
2. Тарых-география жумалыгынын жыйынтыгын кароо
3. Мамлекеттик тил күнүнө карата жарыяланган бир айлыктын жыйыныгтыгын кароо

**Угулду:**

Усулдук бирикменин жетекчиси тарых-география жумалыгынын алкагында Бейшенбаева тарабынан өтүлгөн "Хунн империясынын түзүлүшү" деген темадагы ачык сабак максатына жеткен "жакшы" деңгээлдеги сабак болду деп белгиледи. Ошондой эле бирикменин жетекчиси Бейшенбаева чыгармачыл мугалимдердин тобуна киргендигин эске алып жаңы методдорду пайдаланып, көргөзмөлүү сабак өтсө болмок деген пикирин билдирди.

**Сунуш:** Осконбаева сабак өтүүдө интерактивдүү методдорду көбүрөөк колдонуп, окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү керек деген сунушун айтты.

2-маселе боюнча Усулдук бирикменин жетекчиси жумалык негизинен жакшы уюштуруу менен башталган, бирок жыйынтыктоодо тарых сабагынан тапшырмалар аз болуп, география сабагы басымдуу болгондугун айтты.

**Сунуш:** Ботобаева 2020-2021-окуу жылында пед кеңешмеде жумалыкта ар бир мугалим бирден ачык сабак өтүүлөрү керек деген чечим аткарылбай калгандыгын айтты.

3-маселе

Мамлекеттик тил күнүнө карата уюштурулган бир айлыктын планы жакшы түзүлгөнүн жана аткарылышы өз убагында болгондугун бирикме жетекчи билдирди. Ошондой эле бир айлыктын алкагында кыргыз тилчи мугалимдер Айталиева кыргыз адабият сабагынан "Чоң казат" деген темада ачык сабакты "жогорку" деңгээлде өтсө, Каныбек кызы Ырысгүл кыргыз тилинен "Сөз айкашы" деген темада ачык сабакты "жакшы" деңгээлде өткөндүгүн айтты.

“Тил – улуттун жаны” аталышындашы класстан тышкаркы иш чара жакшы деңгээлде өтүлдү.

Сунуш: Собурова Жумагүл кыргыз тилчи мугалимдерге класстан тышкаркы иш-чараларды өтүүдө окуучулардын өздөрүнө көбүрөөк тапшырмаларды жүктөө керек деген сунушун айтты.

**Жогорудагы ой-пикирлер, сунуштар талкууланып, секция бирикмеси төмөндөгүдөй токтом кылат:**

1. Тарых сабагынын мугалими Бейшенбаева сабак өтүүдө интерактивдүү жаңы методдорду көбүрөөк колдонсун
2. Тарых-география жумалыгында тарых предмети боюнча тапшырмалар берилсин.
3. Мамлекттик тил күнүнө карата жарыяланган бир айлык “жакшы” деңгээлде өттү деп табылсын.

Айталиеванын сабакта колдонгон ыкмалары жаш мугалимдерге жайылтылсын

## Сапарбек Мырзакматов атындагы орто мектебинин “Тил жана социалдык чеберчилик” усулдук бирикмесинин отуруму

### Токтом № 3

**Мөөнөтү:** 30. 11.2021

**Катышкандар:** 6

**Күн тартибинде:**

1. Биринчи чейректин жыйынтыгын кароо
2. Мектеп ичинде өтүүчү олимпиаданын материалдарын бекитүү
3. Мектеп ичиндеги өткөн олимпиаданын жыйынтыгын кароо

**Угулду:**

1-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Айталиева 1-чейректин жыйынтыгын окуу бөлүмүнүн башчысынын билдирүүсүнүн негизинде жалпы пайыздарын айтты. Чейрек бою кыргыз тил, орус тил, тарых, англис тил сабактарынан текшерүү иштери, тесстер алынып, билим сапаттары текшерилген. Кыргыз тилинен эң төмөнкү пайызды 7-класс 18 % , жогорку 11- класс 55 %

Кыргыз адабиятынан төмөнкү пайызды 7-класс 22 % болсо, жогоркусу 6-кл 63 %

Орус тилинен төмөнкү пайыз 7-класс 13_%, жогоркусу 3-класс 78%

Орус адабиятынан төмөнкү пайызды 7_-класс 18 % болсо, жогоркусу 6-_кл 68_%

Англис тилинен төмөнкү пайызды 7-класс 18 % болсо, жогоркусу 3- класс

62 %

Тарых сабагынан жогорку пайызды 11-класс 75 % болсо, төмөнкүсү 5-класс 47 %

Сунуш: Төмөнкү пайызды берген класстар менен анын ичинде начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнү күчөтүү керек деген сунушун Ботобаева билдирди.

2-маселе боюнча УБ жетекчи олимпиаданын материалдары предметтик мугалимдер тарабынан түзүлүп, окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан

каралып, жактырылганын белгиледи. Ага ылайык олимпиада 1 тур менен өтөт деген маалыматын берди.

Сунуш: Бейшенбаева эгерде бирдей балл алып калган окуучулар болсо 2-тур өткөрүү керек деген сунушун айтты.

3-маселе боюнча Усулдук бирикменин жетекчиси мектеп ичиндеги олимпиада окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан бекитилген иш түзүм боюнча өткөрүлгөндүгүн белгиледи. Олимпиада эч кандай тартип бузуусу жок, ирети менен өткөрүлдү. Жыйынтыгында

Кыргыз тилден 1-орун 5-класстан Асанбеков Кутман

6-класстан Дубанбекова Асема 2-орун, 7-класстан 2-орун Сабатбекова Амина, 8-класстан 1-орун Бакталбекова Акбермет, 2-орун Осконбекова Амина, 9-класстан 1-орун Доктурбек кызы Мухабат, 11-класстан 1-орун Дүйшеке кызы Перизат, 2-орун Койчуманова Айназик

Орус тилинен 1-орун 9-класстан Аскарова Каныкей, 11-класстан Абдылдаева Диана

Англис тилинен жогорку көрсөткүч 7-класстын окуучусу Дайырбекова Дилназ

Тарых сабагынан 1-орун 9-класс Сайынбекова Нур Саадат, 11-класс Жолдошбек кызы Нагима

Сунуш: Каныбек кызы окуучулардын билим сапаты аралыктан окуунун тассири болгондуктан начарлап кеткендигин айтып, олимпиадага даярдоодо окуучулар менен иштөөнү күчөтүү керек экен деген сунушун айтты.

**Жогорудагы ой-пикирлер, сунуштар талкууланып, секция бирикмеси төмөндөгүдөй токтом кылат:**

1. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча төмөнкү пайызды берген предметтик мугалимдер начар окуган окуучулар менен иштөөнү жандандырсын.
2. Олимпиаданын материалдары белгиленген мөөнөттө бекитилсин.
3. Райондук олимпиадага төмөнкү окуучулар

Кыргыз тилинен Бакталбек кызы, Дүйшеке кызы, Койчуманова

Тарых сабагынан Сайынбекова, Жолдошбек кызы

Орус тил сабагынан Аскарова, Абдылдаева жиберилсин.

**Сапарбек Мырзакматов атындагы орто мектебинин “Тил жана социалдык чеберчилик” усулдук бирикмесинин отуруму**

**Токтом № 4**

**Мөөнөтү:** 28. 12.2021

**Катышкандар:** 6

**Күн тартибинде:**

1. “Манас күнү”, Улуттук адабият күнүнө карата классттан тышкаркы иш-чарага анализ
2. Райондук олимпиаданын жыйынтыгын кароо
3. 2-чейректин жыйынтыгын кароо

Угулду:

1-маселе боюнча УБнын жетекчиси кыргыз тилчи мугалимдер класстан тышкаркы иш-чараны өз убагында өткөргөнүн белгиледи.

“Манас күнүнө” карата “Манас таануу” интеллектуалдык оюнунун 8-9-класстар арасында өткөрүштү. 8-классты Айталиева Мээрим даярдаса, 9-классты Каныбек кызы Ырыс даярдаган. Таймаш 5 бөлүктөн туруп, окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатууга басым жасоо менен өткөрүлдү.

Улуттук адабият күнүнө карата Айталиева 11-класстын окуучуларына “Брейн ринг” интеллектуалдык таймашын өткөрдү. Таймашта Чыңгыз Айтматовдун өмүр чыгармачылык жолу боюнча суроолордон түзүлгөн төрт баскычта тапшырмалар берилди.

Сунуш:

Собурова өткөрүлгөн интеллектуалдык оюндар окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга көмөкчү боло турганын айтып, башка сабактарда да бул сыяктуу оюндарды колдонууга чакырды.

Каныбек кызы “Брейн ринг” таймашына 9-класстын да окуучуларын кошуп койсо жакшы болмок деген сунушун билдирди.

2-маселе боюнча мектептин окуу бөлүмүнүн башчысынан алган маалымат боюнча УБнын жетекчиси райондун олимпиаданын жыйынтыгын айтты.

Райондук олимпиадага барган окуучулардан байгелүү орунга жетишкен окуучу болгон жок. Демек, жетиштүү деңгээлде даярдалган эмес деп билдирди.

Сунуш:

Райондук олимпиадага балдарды даярдоонун үстүндө көбүрөөк иштөө керек деген сунушту Бейшенбаева айтты.

3-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Айталиева 2-чейректин жыйынтыгын окуу бөлүмүнүн башчысынын билдирүүсүнүн негизинде жалпы пайыздарын айтты. Чейрек бою кыргыз тил, орус тил, тарых, англис тил сабактарынан текшерүү иштери, тесстер алынып, билим сапаттары текшерилген. Кыргыз тилинен эң төмөнкү пайызды 7-класс 27 % , жогорку 6- класс 68 %

Кыргыз адабиятынан төмөнкү пайызды 7-класс 18 % болсо, жогоркусу 6-кл 68 %

Орус тилинен төмөнкү пайыз 6-класс 19_%, жогоркусу 4-7-класс 59%

Орус адабиятынан төмөнкү пайызды 7_-класс 22 % болсо, жогоркусу 6-кл 68_%

Англис тилинен төмөнкү пайызды 7-класс 22 % болсо, жогоркусу 3- класс

64 %

Тарых сабагынан жогорку пайызды 11-класс 62 % болсо, төмөнкүсү 5-класс 38 %

Сунуш: Төмөнкү пайызды берген класстар менен анын ичинде оозеки сабактардан пайызды жогорулатуу үчүн окуучулар менен тыгыз иш алып баруу болсо, натыйжа бермек деген сунушун Оскомбаева билдирди.

**Жогорудагы ой-пикирлер, сунуштар талкууланып, секция бирикмеси төмөндөгүдөй токтом кылат:**

1. Кыргыз адабиятынан өткөрүлгөн иш-чаралар канааттандыраарлык деп табылсын. Иш-чаранын өткөлүлгөн формасы башка сабактарда да колдонулсун.
2. Райондук олимпиадага балдарды даярдоодо мугалимдер жигердүү иш алып басын.

3. 2-чейректин жыйынтыгы канааттандыраалык деп табылсын. Төмөнкү пайызды берип жаткан оозеки сабактардан начар окуган окуучулар менен иш алып баруу күчөтүлсүн.